УДК: 37.091.3

Шамыркулова В.Т.
К.*Тыныстанов ат. ЫМУ*

# САБАКТЫ УЮШТУРУУ УЧУРУНДА КОЛДОНУУЛУЧУ ОКУТУУНУН ЖАҢЫ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫНЫН ТҮРЛӨРҮ

*Макалада мектеп системасындагы башталгыч билим берүүдө активдүү окутуунун жүргүзүлүшү жана сабакты уюштуруу учурунда колдонулуучу окутуунун жаңы технологияларынын түрлөрү, мүнөздөмөлөрү, максаты, аларды пайдаланып окутуунун өзгөчөлүктөрү жана андагы мугалимдин ролу жөнүндө сөз болот.*
***Негизги сёздёр:*** *мектеп, мугалим, окуучу, жөндөмдүүлүк, көрсөтмө куралдар.*
*В статье освещено активное обучение в начальном образовании в школьной системе. Показаны применения новых видов, характеристик, целей при организации структуры урока. Особенности их применения при обучении, а так же при активном участии учителя в учебном процессе.*
***Ключевые слова:*** *школа, учитель, окуучу, способность, наглядные пособия.*
*The article widely covered active teaching in the primary education system in school system. The use of new tyhes. The characteristics of goals under the organization of the lesson structure are shown. The features of their use in teaching as well as an active participation of the teacher in the teaching process.*
***Key words:*** *school, teacher, pupil, ability, visual aids.*

Мектептеги окуу-таанып билүү процесси окуучулар өз алдынча кооперативдешип окууга, окуучу өзүнүн жеке умтулуусун өнүктүрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болгудай кылып уюштурулушу зарыл. Окуу процесси окуучулардын жекече жөндөмдүүлүгүн жана кызыкчылыгын, окутуунун эмоционалдуу жана социалдык компоненттерин эске алышы керек, мындай окутуу процессин уюштуруу төмөндөгүлөрдү талап кылат:

-окуучулардын активдүүлүгүн;

-окуучунун жеке жашоо тажрыйбасын эске алуу менен дискуссия өткөрүүнү;

-зарыл болгондо сабакта ролду алмаштыруу: окуучу «актер», ал эми мугалим «көрүүчү» болот;

-рефлексияларды жүргүзүү, башкача айтканда, кайчылаш көзөмөл, кайчылаш байланыш;

Окуучулардын жекече тажрыйбасына багытталган активдүү окутуу концепциясынын пайдалуулугу төмөндөгүлөрдөн көрүнөт:

1. Окуучулардын жекече жашоо тажрыйбасын эске алуу дидактиканын демократиялык багытына ылайык келет. Дидактикадагы бул багыттын негизги идеясы жана окутуунун максатынын бири топто окуучунун адекваттуу социалдык-жоопту жүрүм-туруму жана анны окуучунун жеке өзү ишке ашырууга умтулуусунда турат. Мында окуучулар окуу ишинин объектиси эмес, субъектиси болуп калат.

2. Окуучулардын ички умтулуусу жогорулайт. Алардын окуу процессине активдүү катышуусу методикалык жагынан алганда мугалимдин мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүгө жардам берет. Активдүү окутуу ыкмалары төмөндөгүлөргө жетишүүгө шарт түзгөндүктөн, өзгөчө натыйжалуу болуп саналат:

-алган билимдерди практика жүзүндө колдонуу;

-билгениңди жана үйрөнгөнүңдү, жекече турмуштук билимди жана ой жүгүртүүнү өнүктүрүү;

-көзөмөлдөөгө, үйрөнүүгө, окутууга карата мамилелерди оң жагына өзгөртүү.

3. Мугалимдин окутуу стили өзгөрөт. Ал окуучуларга карата сый мамиле жасоо менен активдүү угуучу болот жана окуучуларды өз алдынча инсан жана өнөктөш катары кабыл алат, эмоционалдуулуктун жогорку деңгээлин көрсөтөт.

4. Ар бир окуучу кабыл алууга ылайык келген маанилүү мамилелердин деңгээли

пайда болот.

5. Окутуунун жакшы жактарын колдонуу мектеп окуучусунун таанып-билүү компетенттүүлүгүн өстүрүүнүн негизги өбөлгөсү болуп эсептелет. Активдүү таанып-билүү жөндөмдүүлүгү таанып-билүү иш-аракети аркылуу түзүлөт жана өнүгөт.

Активдүү окутууда мугалим сабакта-менеджер болуп саналат. Эми мугалим окуучуларга билим гана бербестен, тартипке чакырбастан, каталарын оңдобостон, чечим кабыл алат.

Ошентип, мугалимдин алдында жаңыча педагогикалык милдеттер турат:

-окуучуларды кызыктыруу, сыйлоо;

-акылы, жүрөгү жана күч аракети менен окуу мүмкүнчүлүгүн ачуу, демек, эмгек жана эс алууну пландоо;

-предметтер аралык байланышты сактоо: күч жана акыл эмгегин бириктирүү;

-окуучулардагы кызматташууну, баарлашууну, чыгармачылыкты өнүктүрүү;

-өз алдынчалыкты, өзүнө жоопкерчиликти ала билүүнү жана окуучулардын чыр-чатаксыз жүрүм-турумун өнүктүрүү;

-окуучулардын билимин окутуунун жаңы технологияларынын негизинде өнүктүрө билүү;

Окутуудагы жаңы технологиялар педагогикалык кесип менен байланыштуу каралат. Негизинен, ал окутуунун техникалык каражаттарын жана окутуу технологияларын колдоно билүү менен сабак өтүүдө ыкмалык жетишкендиктерге ээ болууга негизделген. Учурда бул термин өзүнө окутуу процессин методикалык жактан жабдууну гана камтыбастан (аны техникалык жактан жабдуу жана мугалимдин методиканы билүүсү), анын маанилүү жагын, окутуу ыкмаларын жана түрлөрүн тандоого жараша окутуунун максатын жана маанисин да камтыйт. Ошондуктан педагогикалык технологиялар деп окутуунун бүтүндөй процесси жана окуу жайларындагы таалим-тарбияны уюштуруу иши түшүндүрүлөт.

XX кылымда улуу окумуштуу, педагог К.Д.Ушинский балдар сабакта өз мүмкүнчүлүгүнө жараша эмгектенишине, ал эми мугалим бул өз алдынча эмгекти жетектеп, материал даярдашына кам көргөн. Ал: «Мугалимдин ролу сабак берүүдө гана эмес, сабак даярдоодо дагы эсептелинет»- деп баса белгилеген [2:10]. Бул болсо, күндөгү мугалимдик кесипти аткаруучунун ролунун логикасына дал келет. Сабак учурунда ар бир мугалим окуучунун ролуна кирип, гуманисттик мамилени кармануусу зарыл. Кээде мугалим материалды түшүндүрүп, практикалык сабактарга жетекчилик кылып баалап, ал эми окуучу болсо көпчүлүк учурда пассивдүү отурат. Мугалим мындай жагдайды көрө жана түшүнө билүүсү зарыл.

Учурда чыгармачыл долбоордук окутуу ыкмасын изилдөө иштери мектептеги окутуунун орто жана жогорку бөлүктөрүнө көбүрөөк багытталууда, ал эми башталгыч мектептерде сейрек колдонулуп келет. Ошол эле учурда башталгыч мектептин окуучуларынын жаш өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен кооперативдик, долбоорлоо, изилдөө ыкмаларын активдүү окутуу ыкмасы катары баалоого болот. Башталгыч класстын мугалимдеринин иш тажрыйбаларына көңүл буруу менен, окутууну мектептин бул бөлүгүнө жайылтуу максатка ылайык жана реалдуу деп эсептөө зарыл.

Бүгүнкү күндүн талабында «Сабак - активдүү окуучу» түрүндөгү мугалимдин ролу абдан маанилүү. Анткени алардын алдында жаңы милдет сабакка чейин аны даярдоонун жардамы аркылуу сабакта өзгөчө педагогикалык мамилени түзө билүү саналат. Мындай ички-тышкы умтулуу аракеттери мугалимдин тандоосу катары түшүндүрүлөт, мисалы, класстык бөлмөнү даярдоо - парталардын ордуларын алмаштыруу, класстык бөлмөнү жасалгалоо, ошондой эле окутуунун кооперативдик ыкмаларын колдонуу менен окуучуларга карата ишеним мамилелерин түзүү, башкача айтканда, окуучуларга уюштуруу ишин жүргүзүү саналат.

Окуу жылынын башталышындагы сабактын жана чейректин, иш жумалыгынын башталышы абдан маанилүү.

Класска оң жана терс таасирге толгон дем алуудан окуучулар кайтып келишет. Балдарды тезирээк класстагы окууга аралаштыруу үчүн «Коңшу үстөл» көнүгүүсүн сунуш кылса болот. Балдар отургучта тегерете отурушат, мугалимдин оң жагындагы бир отургуч бош турат. Ал минтип айтат: «Менин оң жагымдагы отургуч бош турат, ага биздин жаңы окуучубуз Кадырдын отурушун каалайм!». Кадыр бош отургучка барып отурат, эми бошогон отургучтун жанындагы окуучу айтат: «Менин оң жагымдагы отургуч бош. Мен ага Акылайдын отурушун каалайм». Көнүгүү ушинтип улана берет.

«Алфавит тартиби» көнүгүүсүн алып карасак, окуучуларга алфавитти өзүнүн атынын баш тамгасы менен алфавит тартибинде эске түшүрүү сунуш кылынат. Кийинки буга окшогон көнүгүү «Математикалык түзүлүш» деп аталат. Окуучуларга математиканы эстөө сунуш кылынат жана 1) туулган күндөгү сандардын жогорулоосу; 2) туулган айынын жогорулоосу; 3) туулган жылынын, жыл мезгилинин жогорулоосу: күз, жаз, жай, кыш боюнча түзүлүшү керек.

Эгерде окуучулар дене тарбия сабагынан келишкен учурда кийинки сабакты баштоо үчүн же текшерүү ишин жазышса жана жыйналып, тынчтана алышпаса, эмне кылуу керек? Бул мамиле кылуунун сөзү жок каражаттарын өнүктүрүүгө карата көнүгүү жасоо убагы. Анда эмесе «Алфавит тартиби» көнүгүүсү боюнча өз аттарынын алфавиттик тартибинде окуучулардын катар тизилүүсүн сурануу, бул тездик менен бири-бири менен сүйлөшпөстөн, ымдоо-жаңдоо менен гана, башкача айтканда, сөзү жок байланышуу аркылуу жүргүзүлөт.

«Таап алчы» көнүгүүсүндө топтогу 3-5 адам тааныш ырды тандашат жана бул ырга кыскача пантомима даярдашат. Көрүүчүлөргө тапшырма – ырды, жомокту табуу.

Беттин кыймыл-аракетинин жардамы менен ички сезимди билдирүүнү балдар менен машыгуу пайдалуу. Щйдөн карточка даярдап, бир бетине ички сезимдерди: кубанычты, кайгырууну, жини келүүнү, кайдыгерликти, достукту, сүйүүнү, таң калууну, күтүлбөстүктү ж.б. жазуу керек. Окуучуларга бир карточканы берип, даярдыктан кийин (3-5 мүнөт) окуучулар карточкадагы сезимди беттин кыймылы аркылуу туурашат. Көрүүчүлөр болсо аны табууга аракет кылышат. Эгерде мүмкүнчүлүк болсо, сезимдерди билдирген сүрөттөрдү чогултуу керек. Окуучуларга: Силер эмнени көрүп турасыңар жана сезип жатасыңар? деген тапшырмалар берилет.

Окуу жылынын башталышында жана каникул алдындагы акыркы күндө класста социалдык мүнөздөгү көнүгүүнү өткөрүү чоң мааниге ээ. Мисалы, «Сенин атың эмнени билдирет?» окуучулар өздөрүн атап, төмөндөгү келтирилгендердин бирин айтышы керек:

-менин атымда эмне жагат же эмне жакпайт;

-менин атымды кимдин атынан улам коюшкан;

-менин атымдын келип чыгышы;

Сабактын уюштуруп алууга «Сыйкырдуу микрофон» сыяктуу көнүгүүлөр да ылайык. Балдар айлана формасында туруп, мугалим: «Менин колумда сыйкырдуу микрофон бар, андыктан ар бириңер айланада тургандардын бирине каалаган сөзүңөрдү айтсаңар болот: бул, балким, жакшы сөз, кеңеш же болбосо башкалар менен жөн гана ой бөлүшкүңөр келиши мүмкүн»,-дейт. «Сыйкырдуу микрофон» ар кандай предмет (ручка, карандаш, оюнчук) болушу мүмкүн. Окуучулар бири-биринин маанайын ачышат.

«Жылуу сөз» көнүгүүсү да буга окшош: балдар тегерете турушат. Мугалим: «Ар бириңер бири-бириңерге жылуу сөз айтууга мүмкүнчүлүгүңөр бар. Келгиле, сабак жакшы жана көңүлдүү башталышы үчүн ар бириңердин көңүлүңөр ачык болушуна аракет кылалы. Кана, кимге жылуу сөз айтасыңар, тандагыла. Анда эмесе көнүгүүнү баштадык»- дейт.

«Ысымдардын тизмеси» көнүгүүсү боюнча окуучулар кезек-кезеги менен өзүнүн жана коңшусунун атын айтат. Мисалы, биринчи окуучу өзүнүн гана атын айтат. Кийинки окуучу өзүнүн жана коңшусунун атын айтат. Демек, тизмекте көп ат айтылып, көбүрөөк эске тутууга туура келет.

Бул көнүгүүнү альтернативдүү кылса да болот. Мында ар биринен өз атына кайсы бир

ошол тамгадан башталган сын атоочту кошууну суранат: «Күлкүчү Калиман» же «Акылдуу Алия», «Татынакай Тахмина», «Мыкты Мырзагүл» сыяктуу. Альтернативдүү сын атооч тема катары сын атоочтор менен иштөөгө жардам берет, сабакка юморду кошот, бул ар бир окуучунун активдүү катышуусуна жана ой жүгүртүүсүнүн активдешүүсүнө алып келет. Мугалим үчүн сабактын башталышында активдүү ыкмалардын максаттарын түшүндүрүү, сабактан күткөн натыйжаларды эске алуу маанилүү болуп эсептелет.

Азыркы мезгилде интерактивдүү ыкманы колдонуу менен сабак өтүүдө интерактивдүү оюндар да кеңири колдонулат. Алардын түрлөрү көп, интерактивдүү оюндар аркылуу сабакты баштаар алдында, класста жагымдуу психологиялык абал түзүп алууга болот. Ошондой эле окуучулар чыгармачыл шыктарын өстүрүүгө, бири-бири менен тил табышууга, кызматташууга, чечим кабыл алууга, өзүн башкара билүүгө, бирөөнүн оюн, каалоо талабын сыйлоого үйрөнүшөт.

Интерактивдүү оюндар балдардын дүйнө таануусун, билимин, эске тутуусун, ой-жүгүртүүсүн өстүрөт. Ошондой эле окуучулардын психикасын, денесин эс алдырып, ишкер маанайды сактоого өбөлгө түзөт. Оюн - бул иш-аракет жана активдүүлүк. Окуучулардын мүмкүнчүлүгү, жөндөмдүүлүгү. Мындан сырткары мүнөзү жана башка жагынан өзүнө окшобогон балдар менен тил табышып, аларды түшүнүп, чыдамдуулук менен мамиле кылууга үйрөнөт. Алардын катарынан бир нече оюндарды карап көрсөк:

«Таанышуу-оюн» Бул оюндун максаты, балдардын кунт коюп угуусун өнүктүрүп, алар бири-биринин жакшы көргөн нерселери жөнүндө билишет. Ал эми мугалим класс менен тез жана оңой таанышат. Ошондой эле бул оюнда балдардын ынтымагы бекемдейт.

Мугалимден баштап, ар бирөө өз атын жана жакшы көргөн нерсесин айтышат. Мисалы: менин атым Назарбек. Мен китеп окуганды жакшы көрөм десе, кийинки окуучу Назарбек китеп окуганды жакшы көрөт. Менин атым Назик. Мен сүрөт тартканды жакшы көрөм деши керек. Кийинкиси дагы өзүнөн мурункуну кайталайт жана өзүнүн атын айтат. Оюн ушул тартипте улантылат.

«Жакшы калоо-тилектер» оюнун алып карасак, анын максаты окуучулардын өзүн-өзү баалоосун жогорулатуу, алардын адам катары барктуулугун көрсөтүү.

Оюндун жүрүшүндө окуучулар тегерете отурушат (же тегерете турушат) да солдон оңго карай бири-бирине жакшы каалоолорун айтышат (сен абдан акылдуусуң, сабакты жакшы окуйсуң, ж.б.) ушул сыяктуу дагы бир түрүндё, окуучулар эки топко бөлүнөт, биринчи тобу ички тегеректи, экинчи тобу алардын сыртынан сырткы тегеректи түзүп турушат. Сырткы тегерек солдон оңго карай жылып, бири-бирине жакшы каалоолорун айтышат. Оюн биринчи баштаган окуучуга жеткенде токтотулат.

«Белек тартуула» технологиясында болсо, окуучулардын ички маданиятын өнүктүрүү, бири-бирине көңүл буруп сыйлоого үйрөтүү максаты каралат. Оюндун жүрүшүндө окуучулар тегерек турушуп, солдон оңго карай бири-бирине кандай белек тартуулагандыгын жаңсоо аркылуу көргөзөт (мисалы, билегине саат тагуу, калем сап, китеп жана башка тартуулоо). Белек алган окуучу дагы ыраазы болгондугун жаңсоо аркылуу билдирет. Оюн кызыксыз болуп калбашы щчщн жаңсоолорду кайталабаганга аракеттенүүлөрүн эскертүү зарыл.

«Отургучтун сүрөттөлүшү» технологиясы. Бардыгы тең бир эле буюмду көрүп турганы менен, ал жөнүндө ой пикирлер ар түрдүү болушу мүмкүн, бирок, окуучулар ар бир айтылган ой баалуу жана өз алдынча туура экендигин түшүнө билиши керек. Оюндун жүрүшүндө мугалим отургучту столдун үстүнө коюп, ойго келген ар кандай үчтөн белгилерин жазып берүүнү балдардан суранат. Жазылган барактарды чогултуп, же окуучулар өздөрү окуп берип доскага отургучтун белгилеринин чоң тизмесин түзүшөт. Окуучулар ой пикирлердин ар түрдүүлүгүнө көңүл бурушуп талкуулашат.

«Тизилүү» технологиясынын максаты, окуучулар ар кандай шартта жол таап ажырата билүүгө үйрөнүшөт, чыдамдуулукка, ишти көңүл коюп аткарууга көнүгүшөт. Оюндун жүрүшүндө окуучулар көздөрүн жумушат жана аларга сүйлөшүүгө тыюу салынат. Алар

ошол бойдон боюна жараша жана түз сызыкта катарга тизилишет. Эң жапысы катардын башында, ал эми эң бийиги катардын аягында турушу керек [5.22-б.].

«Аралча» оюнунун максаты, окуучулар биргелешип тапшырма аткарууга, кунт коюп уга билүүгө, кыраакылыкка жана шамдагайлыкка үйрөнүшөт. Оюндун жүрүшүндө полго 2-3 чоң барак кагаз (газета) ташталат (ал аралча деп аталат), балдар аны тегеренип басып турушат да, белги берилгенде (алакан чабат) эки буту менен аралчаны басып туруп калышат, ким үлгүрбөй же аралчага батпай калса, ал оюндан чыгат. Бир аралча алынып ташталат. Оюн аралча түгөнгөнчө улантылат.

«Ким жаңылбайт?» технологиясынын максаты окуучулардын тез ойлонуу, кабыл алуу, эске тутуу жөндөмдүүлүгүн арттырат. Оюндун жүрүшүндө окуучулар бир катар же тегерек тартып турушат. Башында турган окуучудан баштап, кезектешип бат-баттан кыргызча–орусча санай баштешат. Мисалы: бир, два, үч, четыре, беш, шесть деген сыяктуу.

«Менин атым мен жөнүндө» технологиясынын максаты «Бала атына карап өсөт» дегендей, ар бир бала өзүнүн ата-энеси койгон атына сыймыктанат. Ошол сыяктуу окуучулар өз аттарынын тамгаларына сөздөрдү жазуу аркылуу, анын канчалык маанилүү, уккулуктуу экендигине көңүл буруп, көңүлү өсөт. Оюндун жүрүшүндө окуучулар өз аттарын дептерлерине тигинен жазышат да , алардын ар бир тамгасына ылайыктап, жакшы сөз таап жазышат. Мисалы, Асан деген атты алсак:

Акылдуу
Сабырдуу
Ак көңүл
Намыскөй

«Көз кысмай» оюнунун максаты – сабак башталаар алдында класста жагымдуу психологиялык абал түзүү, окуучулардын чыгармачыл шыктарын өстүрүү.

Оюндун жүрүшүндө окуучулар тегерек тартып турушуп, ортого бир окуучу чыгат. Окуучулардын бири башка окуучуга көз кысат да, ошол замат алар орун алмашып туруп калышы керек. Ортодогу окуучу аларга мүмкүндүк бербей бирөөнүн ордуна туруп калууга ашыгат, орун алмашууга үлгүрбөй калган окуучу ортого турат. Оюн улантыла берет. Убакытты мугалим белгилейт.

Сабакта жагымдуу психологиялык маанайды түзүү ыкмалары абдан көп, алар сабакты сапаттуу жана кызыктуу баштоого натыйжалуу жардам берет. Мугалим үчүн бул учур абдан маанилүү, анткени ал сабакты балдар кандай өздөштүргөнүн, келечекте эмнеге көңүл буруу керектигин түшүнөт. Улуу педагог Я.А.Коменский мугалимдик кызматты эъ ардактуу кызмат деп эсептеп, мугалимге эъ чоъ мани берген: «Мугалимдин эң биринчи милдети – окуучуларды ёз иши менен кызыктыруу»,- деген [3.44-б.]. Чындыгында, мугалимди чыгармачыл, чебер, адилеттщщ боло албаса, кесибинин щзщрщн көрүү кыйынга жатаар.

Жыйынтыктап айтканда, заманбап коом адамдын адамга болгон гумандуу мамилесин түзүү зарылдыгы менен байланыштуу. Мындай «курулуш» мектепте окутууну уюштурууда жаралат, аны маданият-мугалим менен окуучунун маданиятынын диалогу, мектепте жана класста окуучулардын өз ара мамилесинин маданияты катары кароо керек. Маданият бизге маанилик жактан баа берип, аткарган иш-аракеттерибизге карай аныктайт. Ал бизге жана биздин окуучуларга «жакшы деген эмне, жаман деген эмне» экендигин билдирет. Бүгүнкү күндө окуучунун чыгармачыл табиятын ачуу олуттуу болуп, «чыгармачылык биздин жашоодон ажырагыс экендиги, чыгармачылыкка тыюу салуу өзгөчө инсандын деңгээлинде, ошондой эле бүтүндөй маданияттын деңгээлинде «ооруну» чакыра тургандыгы» мугалимдик кесиптеги абдан маанилүү ачылыштын бири болуп эсептелет.

**Адабияттар:**

1. Бекбоев И. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. – Бишкек, 2004. 485 б.
2. Койнова-Цёльнер Ю.В. Башталгыч мектепте активдщщ окутуунун педагогикалык

технологиялары. – Бишкек, 2014.143б.
3. Константинов Н.А. История педагогики. – М.,1971. 447б.
4. Кукушкина В.С. Педагогические технологии. – М., 2006.432 б.
5. Саалаев Ө. Окутуунун интерактивдүү ыкмалары. – Бишкек, 2006.119 б.
6. Сияев Т., Мамбетакунов Э. Педагогиканын негиздери. – Бишкек, 2008.304 б.